"Бекитемин"

Мектеп мүдүрү

Ч.А.Бейшеналиева

**К.Маликов атындагы орто мектебинде жайкы эс алуу лагерди уюштуруу жөнүндө**

**Жобо**

**1.Жалпы жоболор**

Окуучулардын ата-энелери мыйзамдуу өкүлдөрүнүн каалоосу ,суроо талабы жана каржылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша жай мезгилинде балдар үчүн ысык тамагы менен күндүзгү эс алуу лагери уюштурулат.

Лагердин иш тартиби ушул жобо,окуучулардын жүрүш туруш эрежелери жана мектептин уставы менен жөнгө салынат.

**2.Лагердин уюштурулушу жана ишмердүүлүгү**

Жайкы эс алуу лагери мектеп ичинде чыгарылган буйруктун негизинде ачылат

Лагерге башталгыч класстын жана негизги класстын окуучулары класс жетекчилеринин сунуштамаларынын негизинде жана ата-энелердин каалоосу боюнча катталат

Лагердеги топтор санитардык -гигиеналык талаптар,окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрү жана кызыкчылыктарын эске алуу менен түзүлөт.

Лагердин ишмердүүлүгү жашоонун сергек мүнөзүн,окуучулардын өз алдынчалыгын өркүндөтүү,ынтымактуулуктун,ыймандуулуктун демократиянын демилгесинин негизинде жүргүзүлөт.

Жайкы эс алуу лагеринде балдардын чеберчилик жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү,эмгекке үрөтүү жана спорттук ден соолуктуу чыңдоо иштерин жүргүзүүгө бардык шарттар түзүлөт.

Лагердин жумушчуларына ,лагердин ишмердүүлүгүн,иш тартибин өз алдынча түзүүгө жол берилет.

**3.Кадр менен камсыздоо**

Мектеп мүдүрүнүн буйругу менен тарбиячылар бекитилет

Тарбиячы болуп мектептин мугалимдери эмгектенет

**4.Тарбиячынын функционалдык милдеттери**

Тарбиячы балдарды ден соолугунун коопсуздугун,өмүрүнүн сактыгына жоопкерчиликтүү

Лагерге тиешелүү документацияны даярдоого топтоого алып барууга жоопкерчиликтүү

Түзүлүп бекитилген план боюнча иш чараларды алып барат,лагердин иш тартибинин сакталышын,балдардын коопсуз жүрүшүн,өрт коопсуздугунун сакталышына көзөмөл жүргүзөт.

Тарбиячы КЭ,ЖЖЭ өзүн алып жүрүү эрежелер боюнча журнал түзүп инструктаж өткөрөт балдардын кол коюулары менен.

Күтүлбөгөн кырдаал жаралса балдарды эвакуациялоого жоопту

Жаратылыш жүрүштөргө,музейлерге экскурсияга чыгууда мектептин инструкцияларынын негизинде уюштурат.

4.**Жайкы эс алуу лагерди уюштуруу программасынын мазмуну**

Балдардын арасында ынтымактыкты бекемдөө,балдар,ата-эне, мектептин ортосунда байланышты чыңдоо

Балдардын өз алдынчалыгын,толерантуулугун,чеберчилигин,өркүндөтүп өстүрүү

Жайкы эс алуу лагери 2019-жылдын 3-июнунан 28-июнуна чейин кыска мөөнөткө эсептелген

**5.Программаны камсыздоо**

Окуу программадан тышкары иш чараларды уюштуруп өткөрүү,балдарды физикалык- психологиялык -эмоционалдык жактан эс алдыруу жана калыптандыруу.

Балдардын чеберчилигин өркүндөтүү, өзүнүн жакшы көргөн иши менен алек кылуу,мектеп программасынан тышкары билимдерди берүү

**6.Балдардын эс алуусуна, ден соолугун чыңдоо үчүн төмөнкү шарттар түзүлөт**

Спорт зал,спорт аянтча,күн тартиби,

Эс алуу жана эмгектенүүнүн рационалдуу уюштурулушу,

Эртен мененки гимнастика,

Таза абада оюндарды уюштуруу

Конкурс,викторина,спорттук мелдештерди уюштуруп өткөрүү

Мультфильм,кинотасмаларды көрүүнү уюштуруу

**7.Программаны ишке ашыруу шарттары**

Жайкы эс алуунун максаттарын алдыга коюу

ишмердүүлүктү пландаштыруу

кадрлар менен камсыздоо

методикалык программаны камсыздоо

материалдык -техникалык камсыздоо

**8.Методикалык камсыздоо**

Лагердин программасы

Ар бир күндүн иш планы

Тайпанын иш планы

Иш чаралардын шилтемелери

Ар кандай ишмердүүлүктү уюштуруу

Балдардын өз ыктыяры менен лагер турмушуна катыштыруу

Ийгиликке жетишүү кырдаалдардын түзүлүшү

Материалдык –техникалык камсыздоо

Ар кандай иш чараларды уюштурууда оптималдуу шарттар менен аянчаларды тандоо

Балдардын чеберчилигин,кол өнөрчүлүгүн жасалгалоого тиешелүү материалдар менен камсыздоо

Аудио,видеотехника менен камсыз кылуу

**9.Программанын натыйжалуулугу**

Ар бир программанын катышуучусу өз ордун таап берген тапшырманы өз каалоосу менен коңулдү аткаруусу үчүн шарт түзүү

Программанын максаттарынын аткарылышын жана жыйынтыктарын көрүнү пландаштыруу

Программанын ишке ашырылышы үчүн тарбиячылар менен балдардын ортосунда жагымдуу психологиялык жагдай түзүү

Сунуштаган иштин формаларын балдар менен чоңдордун менен кызматташтыгы

Балдардын ден соолугун чыңдоо,сергек жашоо көндүмдөрүн тарбиялоо

Балдар арасындагы социалдык жат көрүнүштөрдүн өсүүсүнүн азайышы

Маалыматтык коммуникативдик ишмердүүлүкө кызыктыруу

Социалдык психологиялык жагдайды жакшыртуу

Ар кандай жаш курактагы балдардын ортосунда ынтымактыкты жана кызматташтыкты бекемдөө